Каралаевъ

ср? ордына

инв. № 105

541 – ... 86
920.114.

107
~~108~~ – 8 строке
чейин алынбасын

15.III.69.

Алмамбет, Сыргак эки шер,
Кайра кирди беттешип,
Кан агызып канышып,
Кайра кирди салышып,
Алты ай тынбай алышкан,
Алмамбет менен Сыргакты,
Азырынча таштайлык,
Эр Манастан баштайлык
Тал чокунун үстүнөн
Уйкудан чочуп ойгонду,
Оң жагына толгонуп,
Алмамбеттен чочунуп,
Айбанбозду токунуп,
Каарданып бакырып,
Уктап жаткан Чубакты,
"Ойгонгун" деп чакырып,
Ак балтанын Чубагы,
Кече кең Таластын боюнда,
Жылгындуу Кең-Кол оюнда,
Калың кыргыз, көп Ногой,
Конуп жаткан кезинде,
Күнү кымыз, түнү кыз,
Болуп турган кезинде,
Кумдан кулан куушуп,
Сойлоп жаткан кезинде,
Кырк байтал сайып мөрөйгө,
Ойноп жаткан кезинде,
Эриксек элик атканда,
Эрикпесек Таласта,

Эрмек кылып жатканда,
Эртең менен турганда,
Жайны кесип жечүү элең,
Капалуу катуу күн келсе,
Жан-жүндү бузам дечүү элең,
Ак Балтанын Чубагы,
Жатуучу белең күпүлдөп,
Өз алдынча дүпүлдөп,
Оң жагынан орусту,
Оруп берем дечү элең,
Кыр жагында кытайды,
Кырып берем дечү элең,
Найза алып аттанып,
Кызык кылып согушту,
Кылып берем дечү элең,
Кыра турган чак келди,
Кырылышар тап келди,
Мен көргөндү көрдүңбү,
Мен билгенди билдиңби?
Алмамбет, Сыргак курдашың,
Калың кытай капырдын,
Жылкысын тийип алыптыр,
Көп жылкынын артынан,
Куугуну келип калыптыр,
Кырк кандын эли козголуп,
Кызык уруш салыптыр,
Алмамбет менен Сыргакты,
Тегеректеп алыптыр,
Жаңыдан кармап алууга

Баштарына экөөнүн,
Катуу азап салууга,
Калың кытай жабылып,
Камынышып калыптыр,
Башкасын айтып нетейин,
Адамдан бөлөк түрү бар,
Тегеректеп аларды,
Жалгыз көз каптап алыптыр,
Камап жаткан жалгыз көз,
Капталынан качырып,
Капырга найза салбасак,
Алмамбет менен Сыргакты,
Ажыратып албасак,
Иттикти булар билбейби?
Айтылымыш чын болсо,
Таңда машар* күнүндө,
Сыргак менен Алмамбет,
Экөөбүздү ошондо,
Кара эшек кылып минбейби?
Түнөрүңкү Бээжинге,
Түздөп найза суналык,
Төмөндөгөн кытайдан,
Алмамбет менен Сыргакты,
Ажыратып алалык
Кези келген кытайды,
Курмандыкка чалалык,
Түнөрүп жаткан капырга,
Түздөп мылтык суналык,
Алмамбет,Сыргак эр үчүн,
Түгөнгөн жанды кыялык.

Күтүп турган эки шер
Көрүп туруп Чубагым,
Кантип тирүү турадык,
Теңирдин салган буйругун,
Башка келсе көрөлүк,
Найза кармап топ бузуп,
Ажал жетсе окко учуп,
Аянышпай өлөлүк,
Айгайлаган кытайдын,
Аябай канын төгөлүк,
Тезинен жүр Чубагым,
Алмамбет менен Сыргакка,
Караан болуп берелик,
Караан болуп бербесек,
Тезинен биз барбасак,
Алмамбет менен Сыргакты,
Тегеле кармап албайбы,
Кектешкени Алмамбет,
Колуна тийсе капырлар,
Ичин тилип жарбайбы?
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга салбайбы,
"Алмамбет өлүп калды"деп,
Бээжинге кабар салбайбы?
Бээжинди кудай урбайбы,
Чалыяр тийбес Бээжиндин,
Чандап колун жыйбайбы?
Алакең көзү өткөндө,
Алакандай мусулман,